Долбоор Европа
Биримдиги тарабынан
каржыланат

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

## Жеке маалыматтарды коргоо боюнча

# МААЛЫМДАМА

2022

# Ушул **маалымдама** тууpасында

Жеке маалыматтардын купуялуулугу -
бул маанилүү тармак.
Биз жеке маалыматтар деген эмне экенин, маалыматтардын купуялуулугун сактоо процесстерин жана жолдорун жакшыртуу боюнча кайсы мамлекеттик орган иш алып барып жатканын түшүндүргүбүз келет, ошондой эле жеке маалыматтарыңызды кантип коргоо боюнча бир нече кеңештерди бергебуз келет.
Маалымдама пайдалуу маалыматтарды, контакттарды, ошондой эле сиздин жеке маалыматтарды сактоо жана коргоо боюнча кеңештерди камтыйт.



# Жеке маалыматтар деген эмне?

**Жеке маалыматтар** – бул аны колдонуу менен адамды түз же кыйыр билүүгө мүмкүндүк берген маалыматтар (идентификациялоо). Мисалы:

- аты же фамилиясы;
- идентификациялык номер;
- биометрикалык маалыматтар;
- үй-бүлөлүк абалы;
- онлайн-идентификациялоочу (социалдык тармактардагы колдонуучунун аты, IP-дареги);
- жеке адамды идентификациялоого мүмкүндүк берген видеобайкоо камераларынын кадрлары;
- башка маалымат.

## Жеке эмес маалыматтардын мисалдары:

- уюмдун каттоочу/идентификациялык номери;
- Уюмдун электрондук дареги info@gmail.com

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жеке маалыматтарга жарандардын биографиялык жана таанытуучу маалыматтары, жеке мүнөздөмөлөрү, үй-бүлөлүк абалы , материалдык абалы, ден соолугунун абалы тууралуу маалыматтар жана башкалар кирет.
Өзгөчө сезимтал жеке маалыматтардын мисалдары болуп жарандардын биометрикалык маалыматтары, оорулуулардын медициналык жазуулары, банк реквизиттери саналат. Мындай маалыматтарды иштетүү жана берүү коопсуздукту контролдоонун кошумча чараларын талап кылат.

# Маанилүү **терминология**

Жеке маалымат түшүнүгү таанышууга туура келген бир нече терминдерди киргизет.
«Маалыматтарды иштетүү» жеке маалыматтарга, анын ичинде жарыялоо, өткөрүп берүү, интеграциялоо, бөгөттөө же жок кылуу аркылуу маалыматтарды чогултуу, сактоо, классификациялоо, өзгөртүү, пайдалануу же ачыкка чыгаруу боюнча аткарылуучу ар кандай автоматтык же кол менен аткарылуучу операцияны билдирет.

«Жеке маалыматтарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органы» - жеке мүнөздөгү маалымат тууралуу мыйзамынан кармалышына көзөмөл жүргүзүү аркылуу жеке адамдардын жеке маалыматтарын коргоо укуктарын камсыз кылуу үчүн түзүлгөн мамлекеттик орган болуп саналат.
«Маалымат субъекти» же «Жеке адам» - ага жеке маалыматтар тиешелүү адам катары аныкталат.



# **Жеке маалыматтарды** коргоо

Кыргыз Республикасында жеке маалыматтарды коргоо боюнча принциптерди жана иш-чараларды өнүктүрө турган институтту түзүү зарылдыгы мурда эле бышып жетилген. 2008-жылы эле Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынган жана ал Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык жалпы кабыл алынган эл аралык принциптер жана ченемдердин негизинде

жеке маалыматтар менен ишти укуктук жөнгө салууга багытталган. Бул Мыйзамда - жеке маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана колдонуу менен байланышкан, адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин коргоону камсыз кылуу максатында буга окшогон органды түзүү тууралуу ченем жазылган.
Бирок, мындай Мыйзамдын бар экендигине карабай, акыркы мезгилге чейин жеке маалыматтарды коргоо тармагында жарандардын укугун коргоонун натыйжалуу механизми жок болгон.
Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында азыркыга чейин жеке маалыматтар тармагында мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик жок, бул Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө»  Мыйзамы жана ага ылайык кабыл алынган мыйзам актылары 11 жылдын ичинде жетишсиз деңгээлде аткарылып келген.
Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында 2018-жылдан тартып мамлекеттик маалыматтык системалар мамлекеттик жана муниципалдык органдардын инфраструктурасы менен бирге мамлекеттик электрондук башкаруу тутумунун негизи болуп саналган «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасында маалыматтар менен алмаша баштады.
Эгерде кара ниет чабуулчулар мамлекеттик органдардын же коммерциялык уюмдардын маалымат тутумдарынан, мисалы, жарандын жашаган жери же алардын банктык маалыматтары тууралуу маалыматты мыйзамсыз алууну көздөсөчү? Ар кайсы өлкөлөрдө шылуундар жарандардын интернеттеги жеке маалыматтарын пайдаланып, алардын мүлкүн менчиктеп алганы, жалган ат менен насыя алганы, жеке маалыматтарды шантаж кылуу же чыныгы ээлеринин ордуна юридикалык маанидеги аракеттерди жасаган учурлар болгон.
Ушуга байланыштуу, электрондук маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн жайылышы менен бир убакта мамлекет жарандардын жеке маалыматтарын коргоо боюнча мамлекеттик орган түзө баштады.

# **Жеке маалыматтарды коргоо** боюнча Агенттиктин функциялары

Кыргызстанда жеке маалыматтарды коргоону контролдоо Президенттин 2021-жылдын 14-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 22-декабрындагы № 325 **«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы жеке маалыматтарды коргоо боюнча Мамлекеттик агенттик жөнүндө»** токтомуна ылайык 2021-жылдын аягында түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин милдеттеринде жана функцияларында бекитилген.




Агенттик жеке маалыматтарды пайдалануу боюнча эрежелерди (регламенттерди, нускамаларды) иштеп чыгат жана алардын мамлекеттик органдар жана коммерциялык уюмдар тарабынан сакталышын көзөмөлдөйт.  Ошондой эле, агенттик жеке маалыматтарды коргоо маселелери боюнча калкты маалымдоо жана маалымдуулугун жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзүүдө.

# Чет элдик **тажрыйба**

Мындай ведомстволор көптөгөн чет мамлекеттерде бар: Европа Биримдигинин бардык 27 өлкөсүндө, Россияда, Сингапурда, Малайзияда, Бразилияда, Улуу Британияда, Канадада, Мексикада жана башкаларда. Алардын ченемдери жарандардын жеке маалыматтарын коргоонун иштелип чыккан принциптерине негизделген.

Маалыматтарды иштетүүгө катышкан бардык уюмдар кармануга тийиш болгон жети негизги принцип бар:

- Бардык процесстердин мыйзамдуулугу, объективдүүлүгү жана ачыктыгы;
- Башка мотивдердин жоктугу;
- Суралган жана колдонулган маалыматтардын көлөмүн минималдаштыруу;
- Сакталган маалыматтын ишенимдүүлүгү;
- Белгиленген мөөнөткө гана маалыматтарды сактоону чектөө;
- Маалыматтын бүтүндүгү жана купуялуулугу;
- Отчёттуулук.

2016-жылы Европа Биримдиги Маалыматтарды коргоонун Жалпы Регламентин GDPR (General Data Protection Regulation) кабыл алган, ал Европа Бирлигинин мамлекеттерине гана эмес, ошондой эле Европа Бирлигинин жарандарына кызмат көрсөткөн юридикалык жана жеке жактарга да тиешелүү. Бул документ жеке маалыматтарды коргоо боюнча көзөмөл органынын көрсөтмөлөрүн аткарбоо 20 миллион еврого чейин административдик айып салууга алып келерин, ал эми коммерциялык уюмга карата, эгерде компаниянын жүгүртүүсү бир жарым миллиард евродон көбүн түзсө, анда максималдуу айып пайыз менен эсептелет жана бузулган беренеге жараша компаниянын өткөн каржы жылынын жалпы жылдык жүгүртүүсүнүн 4%га чейин жете (көрсөтүлгөндөрдүн кайсынысы жогору болсо) тургандыгын аныктайт.



# **Агенттиктин** МИССИЯСЫ



**Учурда агенттик түзүлүүнүн уюштуруу стадиясында турат. Бөлүмдүн алдында 5 багыт боюнча иш-чараларды ишке ашыруу боюнча чоң көлөмдөгү иштер турат:**

1. жеке маалыматтарды коргоо маселелери боюнча коомчулукту маалымдоо жана маалымдуулугун жогорулатуу (коомчулукту Кыргыз Республикасындагы жеке маалыматтарды коргоонун абалы жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу);
2. жеке маалыматтар жагынан жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;
3. мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү (эрежелерди, талаптарды, регламенттерди, жоболорду иштеп чыгуу);
4. жеке маалыматтарды коргоо боюнча контролдук-көзөмөл функциясы (мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер жана ишканалар, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактар тарабынан жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун Кыргыз Республикасынын жеке маалымат чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарына ылайык келишине контролду камсыз кылуу );
5. жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтык.

**Агенттик мамлекеттик жана муниципалдык органдарга, ошондой эле коммерциялык уюмдарга жеке маалыматтарды коргоо боюнча алдыңкы тажрыйбаларды ишке ашырууга, ошондой эле жарандарды жеке маалыматтарды кыянаттык менен пайдалануудан коргоого үйрөтүү үчүн билим берүү жана маалыматтык иш-чараларга өзгөчө басым жасоону пландаштырууда.**

dpa.gov.kg

dpa.gov.kg

info@dpa.gov.kg

# Жеке маалыматыңызды коргоо үчүн 4 кадам

## 1.

### Сиздин маалыматтарыңызга кирүү мүмкүнчүлүгүн чектөө:


Өзүңүздүн аты-жөнүңүздү, фамилияңызды жана үй-бүлөлүк абалыңызды айтпаңыз, андан тышкары бейтааныш адамдарга сиздин документтериңизди сүрөткө тартып же көчүрмөсүн жасоого жол бербеңиз. Паспортуңузду интернетке жайгаштырбаңыз жана аны электрондук почта же мессенджер аркылуу жөнөтпөңүз. Мамлекеттик органдардан же банктардан кызмат алууда гана паспортуңузду бере аласыз.



## 2.

### Банк карталарыңыз тууралуу маалыматты бөлүшпөңүз

Банк картада да, интернет-банкингге кирүү үчүн да көрсөтүлгөн сырсөздү же колдонуучу коддорду көрсөтпөңүз



# 3.

## Санариптик медиадагы маалымат менен сак болуңуз

Башка адамдардын компьютердик түзүлүштөрүнөн же телефондорунан интернет-банкингге кирбеңиз. Кирүү таржымалы сырсөзүңүздү автоматтык түрдө сактап калышы мүмкүн, бул маалыматтардын жоголушуна алып келиши мүмкүн. Ошондой эле, флеш-карталарда паспорттун сүрөттөрү, паспорттук маалыматтарды көрсөткөн анкета-лар же башка жеке маалыматтар болсо, бөлүшпөңүз.





# 4.

## Көбүрөөк окуп, билип алыңыз

Маалымат берүүнү жөнөкөйлөтүү жана коргоо үчүн киргизилип жаткан маалыматтарды коргоо мыйзамдарынын жана санарип технологияларынын өзгөртүшү жөнүндө көбүрөөк окуп, билип алыңыз.

